КАРАЛДЫ
ОГПИнин Окумуштуулар кеңеши

Протокол № 1
«28**»** 10 **2019-ж.**

БЕКИТЕМИН
ОГПИнин ректору,
п.и.д., профессор
_____ Б.Б. Зулуев
«____» _____ 2019- ж.

Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун мугалимдерине жана кызматкерлерине социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. **Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги Билим берүү жөнүндө мыйзамы** (*КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 225, 2007-жылдын 31-июлундагы № 111, 2007-жылдын 31-июлундагы № 115, 2009-жылдын 20-январындагы № 10, 2009-жылдын 17-июнундагы № 185, 2010-жылдын 15-январындагы № 2, 2011-жылдын 13-июнундагы № 42, 2011-жылдын 8-августундагы № 150, 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255, 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206, 2013-жылдын 4-июлундагы № 110, 2013-жылдын 30-июлундагы № 176, 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199, 2013-жылдын 16-декабрындагы № 221, 2014-жылдын 30-майындагы № 82, 2014-жылдын 18-июлундагы № 144, 2015-жылдын 16-январындагы № 15, 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 82, 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 84, 2015-жылдын 3-августундагы № 213, 2016-жылдын 29-июнундагы № 92, 2017-жылдын 22-февралындагы № 32, 2017-жылдын 23-майындагы № 84, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100, 2018-жылдын 16-февралындагы N 22, 2018-жылдын 30-июлундагы N 76, 2018-жылдын 2-августундагы N 78 , 2019-жылдын 17-майындагы N 64 , 2019-жылдын 14-июнундагы N 71 , 2019-жылдын 1-июлундагы N 78 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык);*
2. **Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюму жөнүндөгү Жобосу** (*КР 2009-жылдын 5-мартындагы, N 148, 2013-жылдын 19-апрелиндеги N 209, 2016-жылдын 11 апрелиндеги № 191, 2019-жылдын 25-февралындагы № 86- редакцияларына ылайык);*
3. Жобо даректүү социалдык жардам берүү тартибин, муктаждык критерийин аныктоо менен, социалдык жардам алуу үчүн жол-жоболоштуруу жана эсепке киргизүү тартибин жөнгө салат.
4. Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун (мындан ары - ОГПИ) мугалимдерине жана кызматкерлерине социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө ушул жобо (мындан ары - Жобо) ОГПИнин профессордук-окутуучулук курамы үчүн колдонулат.
5. Социалдык жардам көрсөтүү бир жолу акчалай түрдө кайтарымсыз берилет.

Жободо төмөндөгүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

социалдык жактан колдоо - жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык-экономикалык, укуктук жана башка мүнөздөгү социалдык кызматтардын комплекси;

ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам - жашоо-тиричиликтин чектелишине алып келүүчү оорулар, жаракаттардын кесепеттери же дефекттер менен шартталган, организмдин функциялары туруктуу чачкындаган, адамды социалдык коргоого алуу жана реабилитациялоо зарылдыгын пайда кылган ден соолугунун бузулушу бар адам;

жалгыз бой эне - багуусунда жана тарбиялоосунда балдары бар, туулгандыгы тууралу күбөлүгүндө атасы жөнүндө жазуу болбогон же атасы жөнүндө жазуу энесинин көрсөтмөсү боюнча жазылган эне (никеде турбаган);

улгайган жалгыз бой жарандар - жалгыз бой жарандар (жалгыз бой түгөйлүү жубайлар): 58 жаш курактагы жана андан ашкан аялдар, 63 жаш курактагы жана андан ашкан эркектер;

жашоо-тиричиликтин оор кырдаалы - жарандын жашоо турмушун объективдүү түрдө бузган, андан өз алдынча чыгууга мүмкүн болбогон кырдаал (майыптык, жашы улгайганына же оорусуна, жетимдигине, көзөмөлсүз калгандыгына, аз камсыз болгондугуна, жумушсуздугуна, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугуна, чыр-чатактарга жана үй-бүлөдөгү катаал мамилеге, үй-бүлөлүк зомбулукка, жалгыздыкка кабылган жана башка ушул сыяктуу).

2. Социалдык жардам алуучуларды тандоо

1. Социалдык жактан колдоо ОГПИнин профессордук-окутуучулук курамындагы жана кызматкерлериндеги ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга, жалгыз бой энелерге, улгайган жалгыз бой жарандарга, жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына туш болгон кызматкерлерге бир жолу акчалай жардам берүү аркылуу ишке ашырылмакчы.
2. Социалдык жардам алуучулар ОГПИнин ректору тарабынан бекитилген атайын жумушту топтун чечими менен аныкталат
3. Социалдык жардам алуучуларды аныктоодо төмөндөгүлөр эске алынат:
   А. Жалпы, педагогикалык стажы. Анын ичинде ОГПИде иштеген мезгили
   Б. Үй бүлөлүк абалы
   В. Үй бүлөлүк бюджетинин толукталыш абалы
   Г. Үй бүлосүнүн курамы
   Д. Жашаган жери (Өз үйү, квартира)